**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023–жылдын 19-декабры №121**

**Үй бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана миграциядагы ата-энелердин туугандарына таштаган балдардын укугун көзөмөлдөө боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине жана шаардык кеңештин Укук коргоо, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, коомдук уюмдар, үрп адат, религия(диний) жана улуттар аралык маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 30-ноябрындагы №29 протоколуна негиз, Кызыл-Кыя шаарынын мэринин орун басары М.Айтматовдун 2023-жылдын 28-ноябрындагы №01-8/2180 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Үй бүлөлүк зомбулуктун алдын алуу жана миграциядагы ата-энелердин туугандарына таштаган балдардын укугун көзөмөлдөө боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер жөнүндө мэр А. Маткалыковдун маалыматы эске алынсын.
2. 2023-жылдын 10 айы ичинде 31 үй-бүлөлүк зомбулук учуру катталгандыгы жана анын ичинен 2 жашы жетелек балага зомбулук көрсөтүлгөнү белгиленсин.
3. Үй бүлөлүк жана жашы жетелек балдарга болгон зордук-зомбулуктун алдын алуу максатында ШИИБ, билим берүү бөлүмү, социалдык коргоо башкармалыгы менен биргеликте Кызыл-Кыя шаардык мэриясынын алдында түзүлгөн балдар иштери боюнча комиссиянын иши активдештирилсин жана ар бир мекеме-ишканада ишеним телефонунун иштөөсү камсыздалсын.
4. Шаардык денгээлде жана жалпы билим берүүчү мектептерде, жогорку жана орто окуу жайларында үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктун алдын алуу боюнча иш-чаралар өткөрүлсүн жана жергиликтүү ММКларда чагылдырылсын.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин Укук коргоо, мыйзамдуулук, депутаттык этика, регламент, коомдук уюмдар, үрп адат, религия(диний) жана улуттар аралык маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**